Шабидинова Зулхумар Арзыбаевна –
Баткен облусунун Кадамжай районуна караштуу
“Айрыбаз” орто мектбинин тарых мугалими

**7-класс**
**Предмети**: Кыргызстан тарыхы

**Сабактын темасы**: **Карахандар жана чыгыш түрктөр**

**Сабактын тиби:** Жаңы теманы өздөштүрүү

**Предметтик стандарттын (*күтүлүүчү натыйжа*) талабы** 7.2.2.1

| ***1. Мазмундук тилке*** | ***2. Предметтик стандарттагы күтүлүүчү натыйжа*** | ***3. Предметтик компетенттүүлүктөрү*** | ***4.Негизги компетенттүүлүктөр*** |
|---|---|---|---|
| Тарыхый мейкиндик | Элдердин, мамлекеттердин дүйнөлүк цивилизациялардын пайда болушуна жана жашоо жөндөмдүүлүгүнөтаасир эткен факторлорду өз алдынча таба алат. | 1. Хронологиялык жана картографиялык. –**ПК1**<br>2.Тарыхый цивилизациялык-**ПК2**<br>3.Этномаданият-**ПК3**<br>4.Социалдык жарандык-**ПК** | **НК1** - Маалыматтык/<br>**НК2**- Социалдык-коммуникативдик<br>**НК3** - Өзүн-өзү уюштуруу, көйгөйлөрдү чече билүү |

**Сабактын максаттары:**

| **Максаттары.** | **Коюлган максаттан күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү (индикатору)** |
|---|---|
| 1.**Билим берүүчүлүк**: Карахандардын чыгыштагы коңушулары жана алардын маданияты | Эгерде окуучулар:<br>-Кархандардын саясий өнүгүүсү жана маданиятындагы өнүгүүлөрдү талдай алса **ПК2,НК1**<br>-карахандардын чыгыш жагындагы конушулары менен мамилесиндеги факторлордун себеп-натыйжасын аныктаса **ПК2,НК3** |

| | |
|---|---|
| жөнүндө маалымат билишет. | -негизги даталарды атап,хронологияларды тизмектесе ПК1,НК1 |
| **2.Тарбия берүүчүлүк**: Элдердин өз ара мамилелериндеги мамиле баалуулугун аныктап баа беришет. | -орто клымдагы карахандар мезгилиндеги картадагы өзгөрүүлөрдү анализдейт ПК1,НК1,НК3<br>-Махмуд Кашгаринин Диванындагы тарыхый ишмердүүлүктөрдүн маанисин ачып берсе ПК4,НК1,НК3<br>-карахандардын чыгышындагы конушуларына чабуулдарынын максатын жана жыйынтыгын талдап, окуялардын маанисине баа берсе ПК2,НК1,НК3 |
| **3.Өнүктүрүүчүлүк:** Топтордо маалымат менен иштеөө аркылуу тарыхый булактарды түшүнүшөт. | -топтордо иштөө жөндөмүн арттырып,тарыхый булактарды классификацияласа ПК1,НК2,НК3<br>- Натыйжада өзүнө кайсындан темадан , тарыхый маалыматтардан ***сабак, таалим,тарбия*** алды жана кандай ***терс көрүнүштөрдөн, кесепеттерден алыс болуу*** керектигин жыйынтыктап өз оюн, сын көз карашын баасын бере алышса ПК2,3, НК2,3; |

| | |
|---|---|
| **Сабактын формасы:** | Жекече жана топтордо иштөө |
| **Сабакта колдонулуучу ыкмалар:** | Суроолуу таблица, пиктографиялык класстер, презентациялык схемалар усулу, ротация усулу, блиц суроолор. |
| **Сабактын жабдылышы:** | Ватман, скотч, маркерлер, Махмуд Кашгаринин сүрөтү, интернеттен алынган тарыхый сүрөттөр жана Карахандардын картасы, компютер, таркатмалар. |
| **Колдонулган адабияттар** | Окуу китеби 7-класстын Кыргызстан тарыхы, интернет булактары, карахандар жөнүндөгү кошумча адабияттар. |

| **Сабактын этаптары** | **Сабактын жүрүшү.** | **ПК / НК** |
|---|---|---|
| **Уюштуруу/** Мотивация Окуучулардын билимин актуалдаштыруу | **Сабактын жүрүшү**:<br>**1.Уюштуруу:** Улуу инсандардын сөздөрү жазылган карточкалар таркатуу жана жагымдуу маанай жаратып,сабакты баштап алуу.<br>Топторго бөлүү. | **НК1**<br>**НК3** |
| Үй тапшырмасын | **2. Өтүлгөн теманы кайталап алуу.** | **НК2** |

| | | |
|---|---|---|
| текшерүү,<br>таяныч билимдерин кайталап, калыбына келтирүү | Караханиддердин жеңип алуулары деген өтүлгөн темага түзүлгөн **суроолуу таблицаны** окуучулар толтурушат. (Таблицаны таркатма түрүндө же компютерде иштесек да болот. Толтурууда окуучулар жоопторду далили менен жаза алса эң жакшы баалар коюлат) **№1 тиркеме толтурушат**. | **НК3**<br>**ПК1**<br>**ПК2**<br>**Билүү түшүнүү** |
| **Сабактын темасы, максаты, милдеттери жана күтүлүүчү натыйжаларды билдирүү, тааныштыруу, талкуулоо; Окуучуларды окуу ишмердигине шыктандырып, даярдоо** | **Жаңы тема: Карахандар жана чыгыш түрктөр.** Сабактын максатын балдарга түшүндүрүү.<br>**Жаңы түшүнүктөр**: Идикут-уйгур өкүмдарларынын титулу.<br>Газий-ыйык казатчы.<br>Тат-каапыр уйгурлар.<br>**Мугалим**:-Карахандар каганатынын чыгыш тарабында ислам динине кире элек түрк калктары менен чектеш болгон. Алардын бири – **Уйгур турпан идикуттугу.** Уйгурлардын тили түркчө тилдердин бири болуп, дини буддизм жана манихейизм болгон**.** Башка коңушу түрк калктарынын арасында мусулман эмес уруулар жана элдер жашаган, алардын таасирдүүсү-**йабаку** эли болгон.Алар Жунгарияны жердеген мусулман эмес элдердин бири болгон. Ал эми Түбүт (тибет) эли Улуу Жибек жолу аркылуу тибеттиктер менен мусулмандар карым –катнаш жүргүзүп, Тибеттен дары-дармек алып келип турушкан. Түркчө дурус сүйлөй албаган калк катары “Диванда” айтылган **хотандыктар** болчу. XI к башында Карахандардын чыгышында жашаган калктардын айрымдары кош тилдүү катары сыпатталат.Алар орток жазма адабий тилде жана өз диалектисинде сүйлөгөн.Келгиле ушул Карахандардын чыгыш жагындагы элдер жөнүндө толук маалыматты китеп менен иштеп, тактап жазалы. | **НК1**<br>**ПК2**<br>**ПК3**<br><br>**Билүү Түшүнүү** |
| **Жаңы теманы биринчи жолу кабылдап,** | Топтор ватманга сызылып даярдалган **пиктографиялык класстерди** толтурушат<br>1-топ.Тибет жөнүндө. | **НК2**<br>**НК3** |

| | | |
|---|---|---|
| **баамдоо, обьектилерди себеп-натыйжа байланыштарды жана карым-катнаштарды андап түшүнүү** | Тибеттиктер түрк тилинде сүйлөй албайт.<br>“Диван”тибеттиктер түргөш, карлук, кыргыз элдери менен дурус мамиле түзгөн.<br><br>Алтын-Көл руна жазма эстеликтеринин экинчисинде тибетке барган кыргыз элчиси жөнүндө маалымат жазылган.<br>Кийинчерээк Тибетте саясий бытырандылык башталып, Чыгыш-Теңир Тоо менен байланышы солгундайт.<br><br>2-топ.Хотан жөнүндө.<br>“Диванда” айтылган Хотандыктар түрктөшүп бараткан мурдагы<br><br>Тохарлар түрктөшүп бараткан бир нече чыгармалары түрк тилине<br>Тохарлар түркчө дурус сүйлөй албаган. | **ПК2**<br>**ПК3**<br>**ПК4**<br><br>**Билүү**<br>**Түшүнүү**<br>**Колдонуу** |
| **Билимдерди жалпылоо жана системалаштыруу** | Мугалим: -Чыгышта коңшу болгон ушул элдердин баар тең Карахандар кагандыгынын көп этностуу калкы менен ар тараптуу тыгыз маданий алакаларды өрчүтүп келген. Биз силер менен Карахандардын чыгышка жортуулдарынын негизги максаттарын аныктап алсак.<br>1.**Карахандар өз ээлигин кеңейтүү максатында чыгышка, түштүк-чыгыш,** | **НК1**<br>**НК2**<br><br>**ПК2**<br>**ПК3**<br>**Талдоо**<br>**Анализ** |

| | | |
|---|---|---|
| | **түндүк-чыгышка жортуул жасап турушкан.**<br>**2. Алардын мындай жортуулдары “ыйык казат” катары сыпатталып, өздөрү үчүн адилет согуш болуп эсептелген.**<br>**3. Чынында бул чабуулдардын башкы максаты –алык –салык төлөй турган жаңы элдерди каратуу болгон (Талкуу)** | |
| **Билимдерди бышыктоо жана аларды биринчи жолу колдонуу** | Топтор подтемалардын таблицасын түзүшүп презентация кылышат Ал эми бышыктоочу суроолорго жооп берерде ротация түрүндө бири - бири менен орун алмашып иштешет<br>**1- топтун презентациясы: Карахандардын чыгыш жактагы түрк элдерине карай согуштук жортуулдарын** схемага түшүрүп презентация кылып беришет.<br><br>**2- топ. Карахандардын чыгышындагы элдерге карата жортуулдары менен чыгыш** түрк элдеринин маданияты, тили жана жазуусу жөнүндөгү тарыхый маалыматтарды презентация кылышат | **НК3**<br>**НК2**<br>**ПК2**<br><br><br><br><br><br><br>**НК3**<br>**НК2**<br>**ПК2** |
| **Сабактын жыйынтыктоо** | 4. Алган билимдерди бышыктоо. **Блиц суроолор**. (Суроолорго топтор **Ротация** аркылуу орун алмашып жооп беришет) | **НК1**<br>**НК2**<br>**НК3** |
| | Мугалим: -Азаматсыңар балдар, демек жалпылап айтканда XI кылымдын алгачкы отуз жылдыгында Карахандар мамлекети чыгыш, түндүк-чыгыш, түштүк-чыгыш багытында жеңиштерге жетишкен. Жети-Суу, Чыгыш Теңир –Тоонун Жуңгарияга чейинки чектеш аймактары, Турпан ойдуңунун батыш жагы, Черчен, Хотан аймактары Карахандар каганатына тиешелүү болуп калды.<br>**Блиц суроолор**: Мугалим окуйт.<br>1. Турпан ойдуңундагы чакан мамлекет? (Уйгур идикуттугу)<br>2. Түркчө дурус сүйлөй албаган “Диван” эмгегинде айтылган элдин аталышы? (хотан) | **ПК1**<br>**ПК3**<br>**Синтез**<br>**Жалпылоо** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | 3. Мусулман элдер “тат” деп кайсы каапыр элди атаган? (уйгурларды.)<br>4. 1017-1018-жылдары Карахандарга чыгыштан кол салаган элдер ким эле? (йабакулардын согуштук ынтымагын кошулган көчмөн түрк элдери).<br>5. Карахандардын колун баштаган Арслан-тегин кимдердин мизин кайтарды? (йабакулар жетектеген чыгыш түрктөрдүн).<br>6. Жусуп Кадыр-хан Хотанды качан каратып алды? (XI кылымдын башында.)<br>7. Эмне үчүн Карахандар Хотанды басып алууга ынтызар болгон? (Хотан дүйнөлүк соода үчүн абдан ыңгайлуу жерде жайгашкандыгы үчүн).<br>8. Карахандардын курамына кирип калган Хотандык түрк эмес этностор жөнүндө эмне айта аласыңар? (алар тилин жоготсо да,маданияты салты аркылуу Карахандар маданиятна салым кошкон).<br>9. Карахандарга туруктуу баш ийген түндүк-чыгыш тараптагы аймак кайсы эле? (Жети-Суу менен чектелген).<br>10. Мусулмандар Тибеттен эмне алып келишкен? (дары-дармек)<br>Мугалим:-Азаматсыңар балдар, демек бүгүнкү сабакта эки топ тең өз активдүүлүгүн көрсөттү, ушул топтордун ичинен эң мыкты катышкан окуучулар силерге да ырахмат.<br>(Жыйынтык чыгарып баалоо.) | | |
| **Үйгө тапшырма берүү** | Кадыр-хан Жусуптун санжыралык (генеологиялык) жадыбалын карап окуп жана теманын акырындагы суроолорго жоопторду таап даярданып келгиле | | **НК1<br>ПК4** |

**№1 тиркеме.**

| | Негизги суроолор | Жооптору | Жоопту далилдөө |
|---|---|---|---|
| 1 | Карахандардын мамлекеттик идеологиясы кандай эле? | | |
| 2 | Исламды Карахандардын расмий дини деп ким жарыялады? | | |
| 3 | Саманийлер менен Карахандардын өз ара жоолашуусунун негизги максаты эмне болгон? | | |
| 4 | Пул-и Чархийан салгылашуусу кимдердин ортосунда болуп өттү? | | |

**1-топ презентация**

| | **Уйгурларга каршы согуштар.** | **Хотанды ээлөө.** |
|---|---|---|
| 1 | Уйгур Турпан идикуттугу X - XIII кылымдарда мусулман дүйнөсүнүн чыгышындагы бутпарастык- манихейлик мамлекет болгон. | 1.Хк ортосунда Таримдеги Хотан аймагы отурукташкан калк маданиятынын чордону болп,Улуу Жибек жолунун бир бутагы ушул аймак аркылуу өткөн. Анда жашаган калк да улуттук жактан ар түрдүү болгон. |
| 2 | Кархандардын кошууну Иле суусунан кайык менен өтүп,мусулман түрк аскерлери уйгурлардын жерине басып келет.Мыңлакка кол салышып эрекектерин өлтүрүп жеңишке жетишкен. | 2. Хотан аймагы дүйнөлүк соода үчүн абдан ыңгайлуу жерде жайгашкан.Карахандар Хотан аймагын каратып, Кадыр-хан Жусуп мусулман бийлигин орноткон. Ал 1024-жылдан тартып Кархаандардын улуу каганы болгон. |
| 3 | Чыгыш Теңир Тоодогу Кеми - Талас жери Караханийлер | 3.Хотан аймагы Карахандарга каратылышы менен бул аймактын |

| | | |
|---|---|---|
| | мамлекети менен Уйгур өлкөсүнүн ортосундагы чек ара болуп калган. | түрктөшүүсү жана мусулман динине өтүүсү тездеген |
| 4 | **Йабакулардын жетегиндеги саясий ынтымакка каршы күрөш.** | |
| 1017 - 1018 жылдары йабакулар жетектеген согуштук ынтымакка кошулган түрк элдери Кархаандар мамлекетине чыгыштан кол салышты.Аларга каршы Карахандар тараптан динге берилген жана ыктыярдуулардан он миң кишилик кол топтогон. Йабакулар (жабагы этносу) чыгыш теңир- тоолук жуңгариялык көчмөн калктардын эң согушчандары болгон. Йабакулардын жетегиндеги бул жортуул чындап эле Борбордук Азиядагы мусулман өлкөлөрүнүн шаштысын кетирген. | | |

**2-топ презентация.**



Махмуд Кашгаринин “Диванында”
Тамга уруп аттарга,
Уйгурдагы таттарга,
Ууру кески иттерге
Куштар кейиптенип (тик качырып) учканбыз“,
б.а.Кархандардын уйгурларга каршы чабуулу даңазаланган.

Махмуд Кашгари Хотан калкын “түрк өлкөлөрүнөн конуш тапкан” башка калктардын бири катары сыпаттайт. Алардын өзүнчө жазуусу жана тили бар экендиги, түркчө сүйлөгөндө кыйналышаарын белгилеген.

Махмуд Кашгари Карахандар менен чыгыш түрктөрдүн кырчылдашкан согушу жөнүндө жазып, йабакулардын беги Бука-Будрач өз колун топтоп камынганын айтат. Бул Будрач Бекеч Арслан –тегин аттуу бегинин төбөлүнөн экендигин эскерет. Йабакулардын гана аскери эмес ,аларга саясий ынтымакташ басмыл, чөмүл элдеринин да аскери кошулган бирдиктүү күч эле дейт.

Карахандарга каршы ири согуштук аракети чек ара аймагында жашаган ограк эли (уруусу) тарабынан да колго алынган.Бирок чечүүчү салгылашууларда ограктар йабаку тарабынан Карахандар мамлекети тарабына өткөнү да дастан үзүндүлөрлө айтылат:
”Агылды кызыл байрак,

Тозду кара топурак.
Жетише келип ограк ,
Салгылашып калып кечиктик”. Демек Карахандардын байрагы кызыл түстө болуп,аларга ограктын атчан аскерлери кошулганын жазат.